| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЧУЙ ОБЛУСУ<br>СОКУЛУК РАЙОНУ<br>МАНАС<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>МАНАССКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**ТОКТОМУ**

**2026-жылдын “24” июлу №18**

**Жүргүнчүлөрдү ташууга тарифти бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 27-беренесинин 12-пунктуна, ошондой эле Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 19-июлундагы “Автомобиль транспорту жөнүндө ” №154-Мыйзамынын 11-беренесинин 2-пунктуна ылайык, Манас айылдык кеңешинин 2026-жылдын 24-июлундагы №4 протоколунун негизинде, жүргүнчүлөр транспортунун туруктуу иштөөсүн, тургундарды үзгүлтүксүз ташууну камсыз кылуу максатында Манас айылдык кеңеши токтом кылат:

1. 2026-жылдын 24-июлунан тартып №380, №329, 313а маршруттук каттамдарында жүрүү үчүн, жүргүнчүлөрдү ташууга баалары бекитилсин:

**№380 - маршруттук каттамдын баалары**

- Аэропорт Манастан -Бишкек - 80 сом
- Манас айылы – Бишкек - 40 - сом

  Окуу мезгилинде мектеп окуучулар үчүн (айыл ичинде) – 10 сом

  Бишкек шаарындагы мектептерде окуган окуучулар үчүн 7-жаштан баштап -30 сом

**№329 – маршруттук каттамдын баалары**

- Төрт-Күль айылы - Бишкек- 75 сом

**№313а – маршруттук каттамдын баалары**

- Комсомольское, Дача-Луч айылдарынан, Батыш автобекети - Бишкек – 35 сом

Жеңилдетилген жол жүрүү укугу белгиленсин:

Коомдук жүргүнчүлөр транспортунда жеңилдетилген жол жүрүү үчүн негиз болуп жеңилдетилген жол менен жүрүүгө укугу бар жарандардын категорияларына таандык экендигин тастыктаган, белгиленген үлгүдөгү документтер жана жеңилдиктин ээсинин аты жазылган карточкасы болгон учурда эсептелет

2. Атбашы айылдык кеңешинин 2023-жылдын 6-апрелиндеги №141 Токтому күчүн жоготту деп табылсын.

3. Бул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтүлсүн.

4.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Манас айыл өкмөтүнүн башчысы Ж.Э. Мусурманкуловго жүктөлсүн.

**Төрайым** **Р.Момунова**